самообразованию учащимся необходимо предлагать самостоятельно изучить некоторый теоретический материал, написать реферат, составить задачу и т.д. Часто одна и та же задача способствует созданию условий для формирования нескольких ключевых компетентностей. Итак, единственным выходом для реализации компетентностного подхода является составление самим преподавателям компетентностно-ориентированных задач.

Опыт показывает, что использование компетентностно-ориентированных заданий на уроках математики способствует осознанию обучающимися роли математики в современном мире, применению математических знаний для решения проблем, оцениванию нового опыта, контролю эффективности собственных действий.

СПИСОК ИСПОЛЬЗОВАННОЙ ЛИТЕРАТУРЫ:

1. Иванов Д.А., Митрофанов, К.Г., Соколова, О.В. Компетентностный подход в образовании. Проблемы, понятия, инструментарий. Учебно-методическое пособие. - М.: АПК и ППРО, 2005. - 101 с.

2. Гнеденко Б.В. Математика и математическое образование в современном мире / Б.В. Гнеденко. - М.: Просвещение, 1985. - 191 с.

3. Сергеев И.С., Блинов В.И. Как реализовать компетентностный подход на уроке и во внеурочной деятельности: Практическое пособие. - М.: Аркти, 2007. - 132 с.

УДК 811.512.154:34

Раева Т.Т.,
п.и.к., д.м.а., КМЮА ИЮИ
Төлөнова З.Т.,
окутуучу КМЮА ИЮИ

ЮРИДИКАЛЫК АДИСТИКТЕРДЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ӨЗГӨ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

Аннотация: *Макалада кыргыз тилин юридикалык адистиктерге өзгө тил катары окутуунун ыңгайлуу технологиясын, анын ийкемдүү жолжобосун, каражаттарын окуу ишмердүүлүгүндө колдонуу жөнүндө баяндалат.*

Аннотация: *В статье речь идет о преподавании кыргызского языка как не родного с применением в образовательной деятельности соответствующих образовательных технологий, условий и средств.*

Annotation: *We can read at this article about suitable technological methods and different ways of learning Kyrgyz language as a non-native language at judicial proffessions.*

Негизги сөздөр: *Кыргыз тилин өзгө тил катары окутуу, юридикалык адистер, жаңы технологиялар, мамлекеттик тил, речтик иш-аракет.*

Ключевые слова: *Преподавание кыргызского языка как неродного, юридические специальности, новые технологии, государственный язык, речевые процессы.*

Keywords: *Kyrgyz teaching as a second language, the legal profession, new technologies, official language, speech process.*

Өлкөбүздө бүгүнкү күндө мамлекеттик тилге өзгөчө маани берилип, анын деңгээлин дагы жогору көтөрүүгө көңүл бурула баштады. Биздин Республикадагы мамлекеттик тил жөнүндө кабыл алынган мыйзамга ылайык, аны жогорку окуу жайында окутуунун мазмуну, максаты, мааниси, орду кеңири аныкталып калды деп айтсак болот.

Ошондой болсо да тилди экинчи тил катары окутуу маселеси дагы чече турган бир топ милдеттерди биздин алдыбызга койду. Аларга азыркы жогорку окуу жайдын абалы, окутуу методикасы, окутуучунун билиминин жетиштүүлүгү, жаңы технологияларды сабакта колдонуу, окуу китептеринин жетиштүүлүгү жана талапка жооп берерлиги сыяктуу толгон-токой маселелер кирет.

Окуу процессин уюштурууга анын максатын, план-программасын, окутуунун мазмунун, окутуунун методдорун, окутуунун формасын жана каражаттарын, окутуучунун колдонгон ыкмасын жана педагогикалык деңгээлин киргизүүгө болот. Ошого байланыштуу окутуунун ыңгайлуу технологиясын, анын ийкемдүү жол-жобосун, каражаттарын окуу ишмердүүлүгүндө колдонуу окутуунун технологиясына кирээри маалым. Биз жогоруда белгилегендердин бардыгы окуу процессинде сөзсүз түрдө чагылдырылышы зарыл.

Азыркы мезгилдин талабына ылайык кыргыз тилин окуу жайларында экинчи тил катары окутуу акырындап жолго коюлуп келе жатат.

Эгемендүү Кыргыз Республикасында жашап жаткан бардык улуттардын өз тилдери менен бирге кыргыз тилин да ынтаа коюп студенттерге үйрөтүүнүн чоң мааниси бар экендиги улам жыл өткөн сайын айкын боло баштады.

Мамлекеттик тилди башка улуттардын өкүлдөрүнө үйрөтүү жана окутуу маселесин турмушка ашырууда негизги милдет – баарынан мурда кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун дидактикалык, лингвистикалык методикалык негиздерин иштеп чыгуу. Бул маселени талапка ылайык толук чечүү үчүн юридикалык адистиктерге келечекте ээ болуучу студенттерге кыргыз тилин окутуунун азыркы күндөгү абалын, анын илимий-методикалык жактан жетишкендиктерин, кемчиликтерин, тажрыйба-табылгаларын аныктап, аны окутуунун жаңы технологияларын иштеп чыгуу өзгөчө мааниге ээ.

Студентер экинчи тилди күндөлүк турмушта жана атайын сабакта, оюн жана көңүл ачууларда, кыргыз элинин каада-салт, үрп-адат ж.б. маданий мурастары менен таанышууда өздөштүрүшөт. Ошондой эле студенттердин өздөрү жашап жаткан мамлекети жөнүндө жаңы түшүктөргө ээ болушуна, анын улуттук маданияты менен жакыныраак таанышууларына, башка улуттагы элдерди урматтоо, сыйлоо сезимдерин тарбиялоого жардам берет.

Кыргыз тилине үйрөтүүдө окутуунун жаңы технологияларын колдонуу абдан маанилүү. Башкача айтканда, окутуунун жаңы технологиялары студентке терең билим алып, аны эсинде дайым сактап турууга мүмкүндүк берүү менен, күнүмдүк тажатма, окшош сабактардан куткарат. Ошондуктан, кыргыз тилин болочок юристтерге окутууда тилдерди бөтөн тил катары үйрөтүүнүн дүйнөлүк масштабда таанылып, калыптанып калган методикалык табылгаларын чыгармачылык менен пайдалануу, аны окутуунун жаңы технологиялары менен шайкеш уюштуруу ар бир окутуучунун милдети.

Азыркы мезгилде өзгөчө көңүл бурулуп жаткан окуу процессин гумандаштыруу, демократиялаштыруу жана студенттердин окурмандык ишмердүүлүгүн, чыгармачылыгын, өз алдынчалуулугун калыптандыруу ар бир сабактан орун алмайынча окутуунун жаңы технологияларынын кеңири таралышы мүмкүн эмес.

Ал эми артка кылчайып, мектепте кандай окутулуп келгендигине көз чаптырсак, орус мектептеринде кыргыз тилин окутууда оош-кыйыштардын көп болушу, башкача айтканада, тарыхка кайрылып карасак 2-3-класстан тартып окутуу, окуу планына кирген сааттардын бирде аз, бирде көп болушу, программа жана окуу китептеринде берилген материалдын жетишсиздиги, баш-аламандыктар, 1960-жылдан кийин ата-энелердин каалоосу боюнча кыргыз тилинин окутулбай калышы, мектептен тышкаркы окуй турган китептерди бастыруу, мугалим кадрларды даярдоодогу кемчиликтер бул иштин алдыга жылышына кедерги болуп келген.

Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамды 27 жыл ичинде аткаруу процесси бул багыттагы иштерге өзгөртүү, толуктоо, кошумчалоо иштеринин зарыл экендигин көрсөттү.

Ошого байланыштуу студенттерге кыргыз тилин окутуунун кызматы, мазмуну, түзүлүшү, ага коюлуучу дидактикалык талаптар коомдун өсүшү менен жаңыланып, тереңдетилип турууга тийиш. Азыркы мезгилде жогорку окуу жайларында кыргыз тилин окутуунун жогорку деңгээлге көтөрүлүшү, аны окутууга жаңыча мамиленин жасалышы, алардын мазмунунун жана түзүлүшүнүн түп-тамырынан бери өзгөрүшүнө шарт түзүүдө. Ал эми аны өзгөртүү окутуунун жаңы технологиялары менен тыгыз байланышта.

Кыргыз тили сабактары студенттерде байланыштуу речти угуп түшүнүү жана өтүлгөн темалардын чектеринде жөнөкөй аңгемелешүүнү жүргүзүү жөндөмдөрүн калыптандырууну көздөйт. Кыргыз тилин адеп окута баштагандан тартып эле студенттерди речти угуп түшүнүүгө үйрөтүү өтө маанилүү. Бул жөндөмдү өстүрүү – оозеки речке окутуунун ажырагыс бөлүгү. Аны пайда кылуу узакка созулган машыгууларды талап кылат. Студенттер сабактын жүрүшүндө окутуучунун речин, фильмдерди, диафильмдерди коштогон диктордук текстерди угуп түшүнүүлөрү тийиш. Бул учурда студенттерди өз ойлорун кыргызча билдирүүгө, аларга жакын, түшүнүктүү темаларды чагылдырган сүрөттөр, өткөн тема, угулган аңгеме боюнча суроо коюуга, суроолорго жооп берүүгө үйрөтүү керек.

Уйкаштуу, ритмдүү материалды жаттатуу тилди өздөштүрүүдө чоң мааниге ээ. Ошондуктан студенттерге өтүлгөн ырды жатка айттыруу аларга коюлган талаптардын бирин түзөт.

Уйкаштык чакан үзүндүлөрдү эстеп калууну жеңилдетет. Ырды жаттоо окуу

ишине көп түрдүүлүктү киргизет, оозеки речтин көндүмдөрүн өстүрүүгө үлгүлөрдү топтоого көмөк берет. Жатталган үзүндү оозеки речке, багыттоочу көнүгүүлөргө окшоштук боюнча формаларды түзүүгө негиз боло алат. Бирок ырды туура тандоо маанилүү. Ырда колдонулуп жаткан тааныш жөнөкөй лексика жана конструкциялар болушу зарыл.

Ыр менен иштөө бир нече сабактарда ыраатту жүргүзүлөт, ага ар бир сабакта 7-10 минута бөлүнөт. Төмөндө жаттоонун үлгүсүн келтиребиз.

Окутуучу ырдын темасын айтат, анан ырды көркөм окуйт. Анан экинчи жолу окуйт жана студенттер менен бирге түшүнүксүз сөздөрдү орус тилине которушат. Андан кийин ыр хор түрүндө айтылып жаттатылат. Окутуучу бир сапты айтат, адегенде күчтүү студенттер, андан кийин өздөштүрүүсү начарлар да кайталашат. Аягында сапты хор менен бардыгы чогуу айтышат. Саптардан кийин куплеттер, анан ыр бүтүндөй жатталат.

Эгерде ыр менен иштөө студенттерди угуп түшүнүүгө машыктыруу максатын көздөсө, тескерисинче жол менен барууга болот, адегенде текстеги жаңы лексика, сүйлөмдөр менен кеңкесири иштеп алып, анан гана жаттоого өтсө да болот.

Жатталган ырды кийинки сабактарда да кайталашат. Ырды жатка айтуу речтик иш-аракетин сүрөт боюнча сүйлөө, диалогго катышуу өңдүү татаал түрлөрүнөн кийин колдонулуп, окутуунун түрлөрүн арбытат.

Бардык студенттер ырды жатташканына көзү жеткенден кийин окутуучу типтүү сүйлөмдөр менен иштетүүгө өтөт. Алар оозеки речтин көндүмдөрүн өстүрүүгө арналган багыттоочу көнүгүүлөргө негиз болот.

Кыргыз тилге өзгө тил катары окутууда негизги материал болуп белгилүү жол менен тандап алынган лексикага негизделген типтүү сүйлөмдөр эсептелет. Жаңы материалды түшүндүргөндөн кийин бышыктоо зарыл. Жаңы сөздү, конструкцияны түшүндүргөндөн кийин окутуучу аны жекече жана хор менен айттырат, алардын студенттер тарабынан туура кайталап айтылышына, эске тутулуп калышына жетишет.

Окуу материалын ийгиликтүү түшүндүрүү жана бышыктоо үчүн аны иштөөнүн ар кандай түрлөрүн колдонуп, көп жолу кайталоо зарыл. Мисалы, окутуучу «Мен киммин?» конструкциясын өтүп жатат дейли. Анын маанисин түшүндүргөн соң, «Мен студентмин», «Мен келечектеги юристмин», «Мен Юридикалык Академиянын 1-курсунун студентимин» сыяктуу типтүү сүйлөмдөрдү көп жолу кайталатып, аларды жекече жана хор менен айттырат. Мурда үйрөнүлгөн сөздөр, андан кийинки жаңы сөздөр маанисине карата баары ушул конструкция боюнча өткөрүлөт. Жаңы материал студенттердин ар түрдүү иштери аркылуу берилет. Окутуучу кезек менен студенттерге жакын келип, ар түрдүү буюмдарды көрсөтөт жана алардын атын айттырат. Ушул эле көнүгүүнү окутуучудан кийин бир нече студенттер өздөрү аткарышат. Андан кийин конструкцияларды хор менен айтышат. Ошондон кийин эки студент чакырылат, алардын бирөө буюмду көрсөтөт, экинчиси жооп берет.

Андан соң ушул эле максатта түрдүү оюндар пайдаланылат. Ошентип, конструкция боюнча көп жолу кайталап машыгуу ишке ашырылат.

Үлгү сүйлөмдөр менен иштөөдө башкы маани окшоштук боюнча сүйлөм түзүүгө берилет. Грамматикалык эрежелерге өтө сейрек кайрылуу керек, а түгүл аларды окутуунун башталгыч этабында такыр эле колдонбой койсо болот. Кээ бир учурларда гана өтө жөнөкөй түшүндүрүүлөрдү берүү жетиштүү. Типтүү сүйлөмдөр менен иштеп жатып тыбыштарды туура айтуу, интонацияны туура колдонуу жөнүндө кыска көрсөтмөлөрдү берип, дароо эле ал көрсөтмөлөр боюнча көнүгүүлөрдү жасоо зарыл.

Туура айтуу, эреже катары, туурап кайталоо жолу менен жетишилет. Мында түшүндүрүү менен көрсөтүү колдонулат. Мисалы, орус жана кыргыз тилдериндеги бирдей тыбыштардын айтылышына үйрөтүү жеңил (и, и, е). Ал эми орус улутундагылар үчүн татаал тыбыштарды айтууга үйрөтүүдө дайым фонетикалык көнүгүүлөрдү өткөрүү керек.

Оозеки метод менен окутканда ар бир сабакта берилүүчү жаңы материалдын санын так чектөө зарыл. Окутуунун биринчи семестринде ар бир сабакта 4 сөз, бир типтүү сүйлөм, экинчи жана үчүнчү семестринде 5-6 сөз, эки, үч типтүү сүйлөм берүүгө сунуш кылынат.

Албетте, бир сабакта берилүүчү жаңы сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн саны мындан аз же көп болушу ыктымал. Ал сөздөрдүн фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө, сабактын мазмунуна, мурунку сабакта алынган даярдык, кийинки сабактарда

бышыктоону улантуу мүмкүнчүлүктөрүнө жана башка көп факторлорго байланышат.

Өзгө тилдеги (кыргызча) речти көрүп кабыл алуу аны жакшылап эске тутуп калууга көмөк берет. Бул өзгөчөлүктү кыргыз тилин окутууда окууга жана жазууга үйрөтүү менен бекемдөө пайдалуу экендиги окумуштуулар тарабынан аныкталган.

Бул суроолорго жооп берүүдө төмөнкүлөрдү эске алуубуз зарыл. Студенттерди оозеки кыргызча речке үйрөтүүдө окуу, айрыкча жазуу чоң маниге ээ эмес. Окуунун жана жазуунун механизмдери студенттерде өтө көп кыйынчылыктарды туудурушат: алар өтө жай окушат жана жазышат, алар өзгө орфоэпияны жана орфографияны түшүнө албай кыйналышат.

Ошондуктан кыргыз тилинде окуу, жазуу практикалык сабактарда орчундуу орунду ээлебейт, окутуунун өз алдынча максатын түзбөйт, кийинки, аяктоочу мезгилде гана тил менен иштөөнүн бир ыкмасы катары пайдаланылат.

Окутуучу материалды түшүндүрүүгө жана группанын жалпы чогуу иштеп жатканын бузбай айрым окуучулардын каталарын оңдоого кеткен убакыттан башка бардык мезгилде студенттердин кыргызча сүйлөгөнүн уюштуруу – эң мыкты метод. Буга эки ыкма жакындайт: хор менен машыгуу жана угуза сүйлөө, оозеки речке ар бир студент көпкө машыгуу менен гана үйрөнөт. Муну камсыз кылуу үчүн окутуучу чакан сандагы студенттер менен иштөөсү пайдалуу. Тайпалардагы окуучулардын саны 20дан ашпоо керек. Эгер ашса, группаны топторго бөлүү зарыл. Мына ошондо гана кыргыз тилин өзгө тил катары окутуунун негизги максатына - студенттерди эң жөнөкөй оозеки речке үйрөтүүгө жетишүүгө мүмкүн.

Ар бир практикалык сабакта окутуучу төмөндөгүлөргө өзгөчө көңүл буруусу абзел:

-кыргыз тили сабагында студент байланыштуу речти угуп түшүнүү жана өтүлгөн темалардын чегинде жөнөкөй аңгемелешүү жүргүзүү жөндөмдөрүн калыптандыруунун жана өстүрүүнүн жолдору, ыкмаларына;

- өздөштүрүлө турган тилдик жана речтик материалдар, аңгемелешүүнүн тематикасы анын юридикалык адистиги менен тыгыз байланыштуулугу;

- кыргыз тилин үйрөтүүдө юридикалык терминдерди эске алуу менен окутуунун ыкмаларын берүү аракетине;

- оозеки метод – кыргыз тилин окутууда башкы метод экендигине;

- ар бир сабакта берилүүчү жаңы материалдын санын так чектөө зарылчылыгы;

- кыргыз тилин экинчи тил катары окутууга коюлуп жаткан талаптарга анализ берүүгө.

Жыйынтыктап айтканда, өзгө тилди үйрөтүүдө окутуунун жаңы технологияларын колдонуу – тил үйрөнүп жаткан студенттин үйрөнгөн кыргыз тилин коммуникациянын куралы катары колдоно билүүсүнө жетишүүгө өбөлгө түзмөкчү.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Добаев К.Д. Кыргыз тилин өзгө тил катары окутуунун лингводидактикалык проблемалары. – Каракол, 1995, 90 б.
2. Керимбекова Р.А. Башка улуттар үчүн кыргыз тили окуу китебин түзүүнүн лингводидактикалык негиздери. Канд. дисс. автореф. – Бишкек, 2007, 23б.
3. Керимбекова Р. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуунун проблемалары//Эл агартуу. №9-10. 2001. 27-б.
4. Осмонкулов А., Козубекова Т., Ибриамова Ж. Кыргыз тили юристтер үчүн. – Б., 2008.

УДК 811.512.154:34

Раева Т.Т.,
п.и.к., д.м.а., КМЮА ИЮИ
Дженбаева Г.М.,
ага окутуучу, КМЮА ИЮИ

ЮРИДИКАЛЫК АДИСТИКТЕРДЕ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУДА ООЗЕКИ РЕЧТИ ӨСТҮРҮҮНҮН МААНИСИ

Аннотация:*Макалада кыргыз тилин юридикалык адистиктерде окутууда оозеки метод, окутуунун педагогикалык жана методикалык жактан туура уюштурулушу тууралуу сөз болот.*

Аннотация: *В статье речь идет о правильной организации педагогического и методического обучения с использованием устного метода в изучении кыргызского языка юридическими специальностями.*